DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 7, 2020

*Зулушова А.Т., Исакова У.И., Шерматова Ж.Т.*

# ОРТО КЕСИПТИК КОЛЛЕДЖДЕРДЕ ГЕОГРАФИЯ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУДА СТУДЕНТТЕРДИН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТТУУЛУГУН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Зулушова А.Т., Исакова У.И., Шерматова Ж.Т.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ И ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ СТУДЕНТОВ В ОБУЧЕНИИ ГЕОГРАФИИ В СРЕДНИХ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КОЛЛЕДЖАХ

*A.T. Zulushova, U.I. Isakova, Zh.T. Shermatova*

# FORMATION OF ECONOMICAL AND ECOLOGICAL CULTURE OF STUDENTS IN TEACHING GEOGRAPHY IN SECONDARY PROFESSIONAL COLLEGES

*УДК: 371.3:91*

*Макалада орто кесиптик колледждерде окуган адистерди даярдоодогу экологиялык жана экономикалык маданияттуулукту калыптандырууну, билим берүүдө, тарбиялоодо география сабагынын орду көрсөтүлгөн. Илим-билим адамга, улутка кут алып келе турган мүлк. Андыктан, ар түрдүү кесипте окуган студенттердин экологиялык жана экономикалык маданияттуулугунун актуалдуулугу көрсөтүлгөн. Адам коому жаратылыш менен тыгыз байланышта. Коомдун прогресси инсандын кесиптик, рухий, нравалык экологиялык, экономикалык маданияттынын ички өркүндөөсүнөн турат. Экологиялык-экономикалык маданият инсанга билим берүү жана тарбиялоо менен калыптанат. Коомдун жүзүн адам аныктайт эмеспи. Ошондуктан адам тарабынан жаңыэтиканы жаратуу, жаңы менталдуулукту түзүү – бул билим берүүнүн учурдагы мүдөөсү. Биз ким гана болбойлу, биздин чыныгы жүзүбүздү маданияттуулук, адептүүлүк, сарамжалдуулук, гумандуулук көрккө чыгарат. Билим берүү менен илимдин өнүгүшүнө негиз түзүүдө география илиминин орду абдан чоң экендиги талашсыз. География предметин окутууда билим менен тарбиянын ажырагыс биримдигин бекемдөө менен санариптештирүү же маалыматтарды электрондук түрдө таркатуу, маалыматты тез, так жеткирүүнү жеңилдетүү биздин улуттук идеологиябыз болууга тийиш.*

***Негизги сөздөр:*** *маданият, экология, экономика, интенция, интерпретация, компетенттүү, санарип, ой-жүгүртүү, ноосфера, социалдык, идея.*

*В статье показана роль географии в формировании эколого-экономической культуры, воспитании и подготовке специалистов в средних профессиональных колледжах. Знание – это богатство, которое приносит счастье человеку и нации. Поэтому подчеркивается актуальность эколого-экономической культуры студентов, обучающихся по различным профессиям. Человеческое общество тесно связано с природой. Прогресс общества состоит из внутреннего развития профессиональной, духовной, нравственной, экологической и экономической культуры личности. Экологическая и экономическая культура формируется путем образования и воспитания личности. Лицо общества определяется человеком. Поэтому создание человеком - новой этики, нового менталитета - является текущей целью образования. Независимо от того, кто мы есть, наше истинное лицо определяется цивилизацией, нравственностью, бережливостью и человечностью. Нет сомнений в том, что география играет важную роль в создании основы для развития науки и образование. Оцифровка или электронное распространение информации, содействие быстрой и точной доставке информации, укрепление неразрывного единства образования и воспитания в преподавании географии должны стать нашей национальной идеологией.*

***Ключевые слова****: культура, экология, экономика, интенция, интерпретация, компетентный, санарип, мышления, ноосфера, социальной идеи.*

*The article shows the role of geography in the formation of environmental and economic culture, education and training of specialists in secondary professional colleges. Knowledge is wealth that brings happiness to man and nation. Therefore, the relevance of the ecological and economic culture of students studying in various professions is emphasized. Human society is closely related to nature. The progress of society consists of the internal development of an individual: professional, spiritual, moral, environmental and economic culture. Ecological and economic culture is formed through the education and upbringing of the individual. The face of society is determined by man. Therefore, the creation by man - a new ethics, a new mentality - is the current goal of education. Regardless of who we are, our true face definedwith civilization, morality, frugality and humanity. There is no doubt that geography plays an important role in laying the foundation for the development of science and*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 7, 2020

*education. Digitization or electronic dissemination of information, facilitating the fast and accurate delivery of information, strengthening the inextricable unity of education and upbringing in the teaching of geography should become our national ideology.*

***Key words:*** *culture, ecology, economics, intention, interpretation, competent, sanarip, thinking, noosphere, social ideas.*

**Киришүү**. Макалада орто кесиптик колледждерде окууган адистерди даярдоодо, инсандын аң-сезимин, маданияттын калыптандырууда, билим берүү, тарбиялоо бүгүнкү күндөгү экологиялык, геоэкологиялык, экономикалык, демографиялык, саясий проблемалардын бири болуп саналат. Анткени билим жана тарбия берүү өзөчө социалдык мааниге ээ. Туруктуу өсүп өнүгүү концепциясына ылайык экологиялык, экономикалык билим жана тарбия берүү интелектуалдуулуктун негизин түзүп, стратегиялык максатты аныктай турган негизги багыт болуп саналат. Экологиялык жана экономикалык билим жана тарбиялоонун өздүк маселелери болуп адамдын өзүн-өзү башкаруу жана өзүн-өзүн тарбиялоо аркылуу айлана чөйрөнү коргоо саналат. Аны чечүүдөгү эң негизги орунду элдин экологиялык билимин, маданияттын, аң-сезимдүү ой жүгүртүү деңгээлдерин жогорулатуу чоң мааниге ээ. Орто кесиптик окуу жайларда экологиялык маданияттын негизин түптөй турган, турмушка ашыра турган маселелердин бири **интенция,** жаратылыштын сыркы таасирлери менен **интерпретация**-байкоо менен экологиялык билим жана тарбия берүү болуп саналат.

Экономикалык жана экологиялык билимдин жана тарбиянын зарылдыгы жана актуалдуулугу төмөнкү концептуалдык негизде каралат:

1. Азыркы экономикалык жана экологиялык кырдаалда адам баласынын коомдогу жашоо чөйрөсүнүн шарттары, проблемалары, абалы.

2. Жер эненин флорасы менен фаунасынан адамды айырмалап турган нерсе - бул таза ой, жана аң-сезим, идея менен **“Ноосфере”.**

3. **Компетенттүү** билимдүү, кесипкөй ишинде билим менен билгичтиктерин өз алдынча колдонууга болгон интеграцияланган жөндөмдү, маданияттуу инсандын калыптандыруу.

4. Кыргызстандагы “Кумтөр”, “Магмал”, “Терексай” жана башка кен байлыктарды иштүүдө экологиялык проблемалардытүшүнгөн, мамлекеттин экономикалык потенциалдарына **мониторинг** жүргүзө алган кадрлардын зарылдыгы.


5. Жер, суу, минералдык, биологиялык, рекреациялык, отун-энергетикалык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу боюнча саясий дебаттар **ой жүгүртүү** жана сынчыл ойлонуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

6. Демографиялык маселелерди талкулоо, көз караштарды анализдөө, аргумент фактыларга таянып статистикалык маалыматтарды **санариптештирүү** коомдун талабы болуп саналат.Ошондуктан география сабагында экологиялык жана экономикалык билим берүүнү ишке ашыруу болуп, мамлекеттин **делимитациялык демаркациялык** – чек ара маселелери, сейсмологиялык, саясий географиялык билимдердин бирдиктүү системасын түзүү менен коомдо экологиялык экономикалык маданияттуу аң-сезимдүү ноосфераны түзүү биздин негизге милдеттибиз.

Орто кесиптик окуу жайларда географияны окутууда экологиялык билим геосистеманын бардык компоненттеринин карым-катнашын аныктайт. Башкача айтканда жерди, өнөр-жайды иштетүүдө, кен казып алууда, транспорттук, айыл-чарбалык, рекреациялык иштерде негиз болуп жүргүзүлүүдө. Ошону менен бирге климаттык өзгөрүүлөрдү ар тараптуу баалоо, топурактардын эрозиясы, тоо тектердин талкаланышы жана башка экологиялык  негизги маселеринен болуп саналат. География сабагында мектепте, колледжде, жогорку окуу жайларда экологиялык тарбиялоо ар бир темада жүргүзүлөт. Мисалы: Жер кабыктары, топурак, дарыя, көл, литосфера, атмосфера, биосфера, гидросфера деген темалар 6-класста окутулат. Климаттык факторлор, материктер, табигый кырсыктардын болушун 7-класста окутулат. Кыргызстандын кен байлыктары, ички сууларын азайышы 8-класста. Кыргызстандын өнөр жайларын иштетүүдө алтын, сымап, сурма казып алуудагы экологиялык кырсыктар деген темалар 9-класста жана колледждерде. Дүйнөлүк чарба, калк, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу колледж менен 10-класста окутулат. Жаратылыш ресурстарын пайдаланууда окуучулардын экономикалык, саясий көз караштарын калыптандырууда, экологиялык этика, экологиялык мониторинг, экологиялык кризист деген темалар колледждерде, 11-класс менен жогорку окуу жайлардагы экология сабактарында окутулат [1,3].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557





DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Макаланын теориялык экономикалык мааниси: Жер шарындагы экологиялык проблемаларды прогноздоодо мониторинг жүргүзүүдө, экологиялык маданиятты, экологиялык этиканы калыптандырууда теориялык чоң мааниге ээ. Кыргызстандагы экологиялык проблемаларды чечүү боюнча экологиялык аң-сезимин өркүндөөтүү менен элдин экономикалык деңгээлин көтөрүүгө түздөн-түз жардам берет, себеби экология менен экономика дайыма бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Жогорудагы таблицада орто кесиптик колледждерде география предметин окутууда студенттердин экономикалык жана экологиялык маданияттуулугун калыптандыруунун максаттары, милдеттери, күтүлүүчү натыйжалары, функциялары, ишмердүүлүгүүнүн модели берилди. Экономикалык жана экологиялык тарбия жана билим берүү сферасында иштеп жаткан коомдук уюмдарда төмөндөгүдөй иш чаралар жүргүзүлөт:

1) Экономикалык проектер менен иштөө
2) Дебат, талкуу, семнарлар, тренингдер
3) Экологиялык билим алуу борборлору
4) Экологиялык клубдар
5) Токойчулук
6) Экологиялык илим-изилдөө топтору
7) Экологиялык мониторингдик отряддар жана башкалар.

Орто кесиптик колледждерде, жогорку окуу жайларда географиялык, геоэкологиялык курстарынын программаларында негизги көздөгөн күтүүлүчү натыйжалары, максаттары төмөнкүлөрдү айтсак болот.

1. Экологиялык жактан коркунучсуз технологияларды иштеп чыгуу, экологиялык жактан таза продуктуларды жана материалдарды өндүрүү, таштандыларды тазалоонун жолдорун ойлоп чыгуу.

2. Жергиликтүү тоо-кен өнөр жайларынын мисалында айлана-чөйрөнүн булгануу проблемасынын маңызын түшүндүрүү;

3. Айлана-чөйрөнүн айыл чарба менен өнөр-жай өндүрүштөрүнүн калдыктарын рекультивация иштерин жүргүзүү.

4. Атмосфераны булгануудан сактоо, экономикалык жана экологиялык сабаттуулугун жоюу менен маданияттуу инсанды калыптандыруу.

Колледждерде студенттерге “Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы” предметтин окутууда колдонулуучу усулдары, маалыматтар, күтүлүүчү натыйжалары бул мамлекеттин экономикасын жакшыртууда жана экологиялык проблемаларды жөнгө салууда, социялдык абалды өнүктүрүүнүн бирден бир талабы деп айта аламын.

Жаратылышты коргоо, ресурстарды сарамжалдуу жана жаратылыш менен тыгыз гармоникалык байланышта жашоо үчүн, ар бир атуул адистигине карабастан белгилүү деңгээлде географиялык жактан билимдүү, маданияттуу болуш керек. Ошондо гана билимдүү, маданияттуу жарандарга ээ болгон улут же мамлекет таза сапаттык генофонддорго ээ болот жана жаратылыш ресурстары менен камсыз болуп, алар жашап жаткан коомдук система (мамлекет) саясий-социалдык жактан өсөт жана өнүгөт. Эгерде, тескерисинче географиялык, экономикалык, экологиялык билим өтө төмөн, маданиятсыз болсо, келечекте экологиялык катаклизмге тез дуушар болуп, мамлекеттик деңгээлде экологиялык катастрофага учуроо мүмкүнчүлүгү жогорулайт. Табияттын мыйзам ченемдүүлүктөрүн терең изилдеп, анын купуя сырларын ачуу адамдын дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандырат. Андай инсан адамзат коомдо жаратылышка аяр мамиле жасайт жана улук иш өтөөгө дилгир болот. Жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу, айлана-чөйрөнү коргоо, жердин деградациясын азайтуу, табыгый экосистемаларды калыбына келтирүү жана коргоо маселелери адам баласынын жашоодогу эң чоң маанилүү проблемалары болуп саналат. Анткени бардык нерселери жаратылыштан алабыз. География көз караш экологиялык проблемаларды чечүүдө, кандайдыр бир практикалык көз караште өтө маанилүү, б.а. жаратылышта (токойду, жерди иштетүүдө, өнөр-жай иштетүүдө, кен казып алууда, транспорттук, айыл-чарбалык, рекреациялык). Дегеле бардык адистиктер географияны окуу жашоодо маанилүү деп айтар элем [2,4].

Кыргыз Республикасынын орто окуу жайларда, колледждерде дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы боюнча жалпы орто билим берүүчү предметтик стандарты төмөнкүлөрдү аныктайт:

1. Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



географиясын колледждерде окутуунун максаттары жана милдеттерин; негизги жана предметтик компетенциялары.

2. Колледждерде дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясын окутууда географиялык билим алуусунун натыйжаларын баалоонун негизги принциптерин билүү.

3. Экономикалык жана социалдык тармактарды өнүктүрүүдө географиялык билим берүүнүн маанисин ролун көрсөтүү.

**Географиялык маданият** – бул өзүнө дүйнөнүн географиялык сүрөтүн, географиялык ой-жүгүртүүнү, географиянын тилин жана усулдарын камтыган жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү.

**Географиялык компетенттүүлүк** – жергиликтүү, аймактык жана глобалдык деңгээлдерде жаратылыштын, калктын, чарбанын өнүгүүсүнүн мейкиндик аспектилерин жана себеп-натыйжа байланыштарын талдоо жөндөмдүүлүгү; географиялык картаны колдонуу, маданий-тарыхый жана социалдык-экономикалык аспектилерди бөлүп кароо менен эске тутуучу сыйымдуу образдарды (шаардын, жердин, аймактын, өлкөнүн, аймактын образы) жаратуу, географиялык жана маалыматтык мейкиндикте багыт алуу жөндөмдүүлүгү. Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясын окутуудагы географиялык билим жана тарбия берүүнүн максаты экологиялык аң-сезимдүү маданияттуу коомдуу түзүү. Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиялык закон ченемдүүлүктөрү боюнча маалыматтык компетенттүүлүккө ээ болуу. Социалдык-инсандык компетенттүүлүк - реалдуу географиялык мейкиндикте ыңгайлашуу жана иш-аракет жасоо мүмкүнчүлүгүн баалоону билүү; башка өлкөдө ар кандай жашоо жагдайларында конструктивдүү коммуникациянын түрлөрүн колдоно алуу. Анализ менен – объектилерди, көрүнүштөрдү же жараяндарды алардын белгилерин, касиеттерин, курамын, түзүлүшүн, алардын ортосундагы мамилелерди изилдөө. Орто кесиптик колледждерде “Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы” предметтин окутууда жер шаарынын жаратылыш ресурстарын колдонууда экологиялык проблемаларды чечүүдө географиялык закон ченемдүүлүктөрдүн маанилүү экендигин ачып көрсөтүү.

**Геомаданий мейкиндик** (ГММ) – бул ар түрдүү аймактык системалардын өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжасында келип чыккан системалык аймактык билим берүү: табияттык (ЖАК – жаратылыштык-аймактык комплекс), экономикалык (ТӨК – территориалдык-өндүрүштүк комплекс), адамдардын аймактык жалпылыгы (ААЖ) ж.б. ГММ материалдык негизи болуп аймак, ал эми анын байланыштыруучу элементи – кеңири түшүнүктөгү материалдык, руханий жана социалдык-ченемдик бөлүктөр кирген маданият эсептелет [5].

**Географиялык ой жүгүртүү** – бул географиялык чындыкты чагылдырган, анын өнүгүүсүн өз ара аракеттешүүдө жана өз ара көз карандылыкта караган ой жүгүртүү.

**Дүйнөнүн географиялык сүрөтү** – бул заманбап география тармагында изилдөөчүлүк жана практикалык иштердин жүрүшүндө алынган жана текшерилген илимий билимдердин чагылышы.

Макаланы изилдөөдө: географиялык, статистикалык, картографиялык, салыштыруу, аналитикалык, психологиялык, педагогикалык, дидактикалык, практикалык, эксприент, презентация, эссе, видео сабак, анкета усулдары колдонулду.

**1. Билим -** Тапкыла, бөлүп көрсөткүлө, белгиле, окугула, уккула, байкоо жүргүзгүлө, атагыла, жазгыла. Презентация, таблица.

**2. Түшүнүү -** Ирети менен койгула, суроо бергиле, талкуулагыла. Модель, китеп, сүрөт, диаграмма, чийме.

**3. Колдонуу** - Сүрөтүн түшүргүлө, чиймени түзгүлө, бөлүктөрдөн чогулткула, тизме түзгүлө, эксперимент өткөргүлө, отчет түзгүлө жана жазгыла, слайд-шоу, модель, карта.

**4. Талдоо (анализ)** - Изилдегиле, ылгагыла, классификациялагыла, аныктама бергиле, салыштыргыла. Билимдердин картасы, схема, сурамжылоо, диаграмма, рекламалык постер, доклад, репортаж.

**5. Топтоштуруу (синтез) -** Бириктиргиле, божомолду айткыла, ойлоп чыгаргыла, гипотеза чыгаргыла, Аңгеме, фильм, долбоор түзгүлө, далилдегиле, ролдо чыгып сүйлөгүлө, ойлоп тапкыла, башка жолдорду тапкыла.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



**6. Баалоо** - Баалагыла, талкуулагыла, тандагыла, вариант сунуштагыла, тобокелди, көз карашты негиздегиле, өз пикириңерди түзгүлө, сунуш- көрсөтмөлөрдү түзгүлө. Дискуссиялык топ, жөнөтмө баракча, блог, сайт, сунуш-көрсөтмө, дискуссия, макала, Прецент, изилдөө, эссе, салыштырма таблица, өзүн баалоо баракчасы.

**Орто кесиптик колледждин география мугалими төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериши керек:**

**1.** Жаштарга адептик, маданий, экологиялык-экономикалык илимий баалуулуктарды калыптандырууга мотивдештирүү, дем берүү.

**2.** Мамлекеттин экономикалык, экологиялык, социалдык, саясий өнүгүүсүн жүзөгө ашыра ала турган профессионалдуу компетенттүү кадрларды даярдоо.

“Жаратылышты күнөөлөбөйлү Анткени ал өз кызматын өткөрдү эми кезек өзүбүздө”деп Д. Мильтон айткандай география илиминин турмуштагы, жашообуздагы мааниси өтө терең.

**Адабияттар:**

1. Бабаев Д.Б., Зулушова А.Т. География мугалимдерин кесиптик даярдоонун экологиялык багыттуулугун күчөтүүнүн негиздери. [Текст] / Бабаев Д.Б., Зулушова А.Т. - Ош: Вестник ОшМУ, 2015. - 148-155-бб.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. [Текст] / И.Б. Бекбоев. - Б.: 2014. - 490 б.
3. Мамбетакунов Э. Этнопедагог А. Алимбековдун педагогикалык терминдер боюнча изденүүлөрү. - Ош: Вестник ОшМУ, 2017. - №4. -111-113-бб.
4. Эмилбекова Д.К., Буранов Э.Ш. Абдиллаева Ж.Ж. Табигый илимий түшүнүктөрдү калыптандыруудагы мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү [Текст]. - Ош: Вестник ОшМУ, 2015. - №4. - 194-198-бб.
5. Хаитов Ш.К Formation of professional competences of future engineers in learningthe course of general physics [Текст] / Ш.К. Хаитов // Наука. Образование. Техника. Кырг.-Узб. ун-т. - Ош, 2017. - №1(58). - С. 84-89.